**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ЖАРЧЫСЫ. ФИЛОЛОГИЯ**

ВЕСТНИК ОШСКОГО ГОСУДАРСТВЕННОГО УНИВЕРСИТЕТА. ФИЛОЛОГИЯ

JOURNAL OF OSH STATE UNIVERSITY. PHILOLOGY

**e-ISSN:**
№1(1)/2023, 46-55

**УДК: 398.224**
**DOI:**

# “ЭР ТӨШТҮК” ЭПОСУНДАГЫ МИФОЛОГИЯЛЫК ПЕРСОНАЖДАР

## МИФОЛОГИЧЕСКИЕ ПЕРСОНАЖИ ЭПОСА “ЭР ТЁШТЮК”

## MYTHOLOGICAL CHARACTERS IN THE EPIC “ER TOSHTUK”

**Марс кызы Айдана**
*Марс кызы Айдана*
*Mars kyzy Aidana*

**окутуучу, Ош мамлекеттик университети**
*преподаватель, Ошский государственный университет*
*Lecturer, Osh State University*
kamiladastanbayeva@gmail.com

# “ЭР ТӨШТҮК” ЭПОСУНДАГЫ МИФОЛОГИЯЛЫК ПЕРСОНАЖДАР

**Аннотация**

Макалада кыргыз элинин “Эр Төштүк” эпосундагы мифологиялык каармандар каралат. Эмгектин максаты - кыргыз эпосундагы мифологиялык каармандарды бөлүп көрсөтүү жана азыркы кыргыз фольклористикасынын учурдагы агымы болгон эпикалык жанрдын өзгөчөлүктөрүн изилдөө. Каралып жаткан кыргыз эпосунун мифологиялык каармандары байыркы коомдордун дүйнөнүн түзүлүшү тууралуу идеяларынан келип чыккан. Фольклордогу мындай көрүнүштөрдү изилдөө эпостун жаралуу жана калыптануу процесстерине байкоо жүргүзүүгө мүмкүндүк берет. Изилдөөнүн талдоо системасына ажыдаар, Алп кара куш, Көкдөө, Жети баштуу желмогуз, Жалгыз көздүү дөө, Чоюнкулак ж.б. образдары кирет. Жогоруда айтылган мифологиялык каармандардын бардык образдары сюжеттин ырааттуу кыймылы менен бир мезгилде изилденет. Мифологиялык образдарды чагылдырууда эпостун генетикалык байланыштарына өзгөчө көңүл бурулуп, алардын узак жашоо процессинде акырындык менен өзгөрүп турушу да баса белгиленет.

***Ачкыч сөздөр:*** Эр Төштүк, мифологиялык каармандар, маданий катмар, фольклор, эпос.

## *МИФОЛОГИЧЕСКИЕ ПЕРСОНАЖИ ЭПОСА “ЭР ТЁШТЮК”*

**Аннотация**

В статье рассмаривается мифологические персонажи в кыргызском эпосе “Эр Тёштюк”. Цель работы заключается в выделении мифологических персонажей в кыргызском эпосе и в исследовании особенностей жанра эпоса, который является актуальным направлением современной кыргызской фольклористики. Рассматриваемые мифологические персонажи кыргызского эпоса дает возможность проследить процесс возникновения и формирования эпоса берущее начало от мифических представлений древних общин. В систему анализов в исследовании входят образы дракон, Алп кара куш, Кёкдёё, Семиголовая ведьма, Одноглазый великан, Чоюнкулак. Все названные образы отрицательных персонажей исследуются одновременно с последовательным движением сюжета. Особенно акцентируется о генетических связях эпоса в отражении мифологических образов, а также подчеркивается постепенная трансформация в процессе их долгого бытования.

***Ключевые слова:*** Эр Тёштюк, мифологические персонажи, культурный пласт, фольклор, эпос.

## *MYTHOLOGICAL CHARACTERS IN THE EPIC “ER TOSHTUK”*

**Abstract**

The article examines the mythological characters in the Kyrgyz epic “Er Toshtuk”. The purpose of the work is to highlight demonological characters in the Kyrgyz epic and to study the features of the epic genre, which is a current trend in modern Kyrgyz folklore. The mythological characters of the Kyrgyz epic under consideration make it possible to trace the process of the emergence and formation of the epic, which originates from the mythical ideas of ancient communities. The analysis system in the study includes the images of the dragon, Alp kara kush, Kökdöyo, Seven-headed witch, One-eyed giant (Cyclopus), Choyunkulak. All of the above-mentioned images of negative characters are explored simultaneously with the sequential movement of the plot. Particular emphasis is placed on the genetic connections of the epic in the reflection of mythological images, and the gradual transformation in the process of their long existence is also emphasized.

***Keywords:*** Er Teshtuk, mythological characters, cultural layer, folklore, epic.

**Киришүү**

Түрк элдеринин оозеки чыгармалырынын ичинен “Эр Төштүк” кенже эпосу ар кыл жанрга кете берет. Алсак, “жөө жомок, баатырдык жомок, баатырдык архаикалык эпос” айтыла берет. Бул чыгарма көп варианттуу. Алардын ичинен С. Каралаевдин варианты элге кеңири тарап, башка тилдерге көп которулган. Бул чыгарманынын элге сиңип ал гана эмес тектеш түрк тилдүү элдерге да тарашы өткөн кылымда эле окумуштуулардын көңүлүн өзүнө бурган. Алсак, окумуштуу В.В.Радлов өзүнүн “Образцы народной литературы тюркских племен” деген көп томдуу, атактуу эмгегинин 4-томунда Батыш Сибирдик татарлардын “Йир Тошлык” жөө жомогун, 5-томунда кыргыздардын баатырдык архаикалык “Эр Төштүк” эпосун жарыялап, ушул томдун кириш сөзүндө эки чыгарманын сюжеттик системасыын салыштырып, жалпылыгын карап чыккан. Андан ары, эпосту фольклорист Г.Н. Потанин, бурят окумуштуусу М.Н. Хангалов, совет окумкштуусу П.А. Фалев, В.М. Жирмунский жана иран окумуштуусу Х.Г. Короглы изилдеп, башка элдердин эпостору менен салыштырып, бир канча эмгектерди жаратышты. В.В. Радлов бул эпос жөнүндө төмөндөгүдөй айтып кеткен: *“Кыргыз өзүнүн (эпикалык) ырларында кандайдыр бир тирүү укмуштуу жана коркунучтуу жомоктук дүйнөнү эмес, тескерисинче, ал анда өзүнүн жеке турмушун, өзүнүн жеке сезимдерин жана умтулууларын, коомдун ар бир мүчөсүндө жашаган идеаларды ырга салганды жогору баалайт”* (Эр Төштүк, 1996, б. 3). Демек, сюжеттик негизин, системасын мифтик-фонтастикалык элементтер түзүп, “тири укмуштуу жана коркунучтуу жомоктук дүйнөнү” сүрөттөгөн эпоско кайрылуу кийинки убактарда байкоого болот. Эпостун өзүнө эле канчалаган окумуштуулар кайрылып, илимий эмгектерин жаратышты. Алдыда дагы канча адама кайрылат бизге табышмак. Ушунун өзү эле эпостун кыргызга эле тиешелүү эместигин, ал өзүндө көп элдердин чыгармаларын камтыган, жуурулуштурган чыгарма десек болчудай. Биз изилдеп жаткан “Эр Төштүк” эпосунун демонологиялык образдары бул эмгекте каралат. Ар бир образ терең иштелип, өзүнө гана таандык өзгөчөлүктөргө ээ.

“Эр Төштүк” эпосу өз түзүмүндө мифтик элементтерди байыркы адамдардын жомоктон келип чыккан магиялык элестөөлөрү ачык сакталган. Бул тууралуу этнограф И.Молдобаев өзүнүн төмөнкүчө оюн айткан: “Кыргыз мифтерин шартту түрдө үч топко бөлсө болот: биринчиси- дүйнөнүн пайда болушу жана аын ар түрдүү абалдары, өзгөрүштөрү жөнүндөгу мифтер; экинчиси – жаныбарлар дүйнөсүнүн келип чыгышы; үчүнчүсү- жаратылыш обьектилери жана жаныбарлардын колдоочулары (ээлери) жөнүндөгү мифтер”.

“Эр Төштүк” эпосунун мифологилык сюжеттерин негизинин дүйнөнүн түзүлүшүнө байланыштуу байыркы адамдардын ой жүгүртүүсүнүн көркөм чагылышы катары кароого болот. Мында үч кабат дүйнө (Көкө Теңир, убактылуу өмүр сүрүүчү адамдар жашаган дүйнө, жер алдындагы дүйнө) түшүнүгү берилип, жаны өгөөдө болгон Төштүк аны алып качам деп желмогуз кемпирдин кугунунда калат. Учуучу, сүйлөөчү ат Чалкуйрук өзү айткандай: “Булуттуу көктүн астынан, буралган шибер үстүнөн бурулбай алып учат”. Төштүккө жетпей каларын сезген желмогуз кемпир колундагы сыйкырдуу буюм ийректи алып: “Ор, ийрегим, оргун” – деп жерди жарып жиберүүчү магиялык сөздөрдү айтат. Ошондо жер жарылып, үчүнчү дүйнөгө – жер алдындагы дүйнөгө эшик ачылып Төштүк Чалкуйрукту минген бойдон түшүп кетет. Андан аркы сюжетте Төштүктүн жер астындагы дүйнөдөгү өткөргөн жылдары баяндалат, төрт Мамыт, жолборс, аюу, кумурскага жолугуп аларды ар кандай кыйын кырдаалдан куткарып дос болгону баяндалат. Көрсө Төштүктүн жер астына түшүшү эпикалык дүйнө караштa баатырдын жашоого келгендиги негизги миссияларынын бири, тагдыры экен.

Мифологиялык персонаж желмогуз кемпир аталган сюжетте адам баласын бир дүйнөдөн экинчи бир дүйнөгө өткөрүчү кызмат аткарганы белгилүү (Эрматова, 2021, б. 1239).

Ал эми "Эр Төштүк" кенже эпосубузда да мындай кейипкерлерге абдан бай келет. В.В.Радловдун жазып алган вариантында мифологиялык кейипкерлер алптар, ажыдаар, сүйлөөчү ат, кырк кулактуу казан сыпатталат. Алсак, Төштүк жер астына түшкөндө жерди жарып, өзүн жер түбүнө түшүрүп жиберген желмогуз кемпирдин артынан изи менен кууп барат, алгач ал бөрүнүн изиндей болот, кийин жолбортун изиндей болот, андан ары барса:

"Бир кулагын төшөнгөн,  
Бир кулагын жамынган.  
Астыңкы эрди сасыган,  
Үстүңкү эрди муздаган.  
Колу Кокон кеткен дейт,  
Буту Букар кеткен дейт.  
Бир алп жаткан экен" (Эр Төштүк, 1996, б. 559).

Көрсө ал Төштүктүн жер түбүнө түшкөнүн угуп күч сынашып эрмектешмекчи болупжолун тосуп жаткан Ай-Кулак алп экен. Экөө алыша кетип, Төштүк анын эки кулагын бүктөп кармап алып, кырк кырдан алышат, анын башын кесип алып андан ары жөнөйт. Кийин жолунан Күн-Кулак, Чоюн-Кулак алптарды жеңет. Мындан корүнүп тургандай, 19-кылымда жазылган сюжетте архаикалык мотив дагы көөнө формада сакталып, демонологиялык кейипкерди алып жүрөт. Ал эми С.Каралаевдин айтуусундагы вариантта мындай сыпаттамадагы кейипкерлер кездешпейт. Бул улам убакыт өткөн сайын эпостун архаикалык белгилери азайып, айрым жоготууларга учурап калгандыгынан кабар берет.

Эпосто буура, жылкы, кой сыяктуу үй жаныбарлары төрт түлүк мал менен кошо эле мифологиялык жаныбарлар да сүрөттөлөт. Мисалы, Алп кара куш - эпосто чечичүү ролду ойнойт. Жер түбүнүн каны Көкдөөнүн жылкыларынын ичинен Чаар бээ жылына тулпар чыгуучу кулундарды тууйт, бирок аны жыл сайын алп кара куш туур замат алып кетип калат. Көкдөө кызынын калыңына жети мөрөй койгондо Төштүк анын бири катары ошол кырк кулунду таап келиши керек болот. Мамыттардын жардамы менен бул мөрөйдү да аткарат.

Кара куш - талаа бүркүтү. Кара куш (бүркүт) түрк-монгол элдеринде эзелтеден сыйынуунун объектиси болуп келери маалым. 11-к. фарси автору Гардизи кыргыздар уй, кирпи, сагызган менен катар бүркүттү ыйык тутушарын жазат (Бартольд, 1973, б. 48). Кыргыздардын байыркы тотемистик түшүнүктөрү өзгөчө этнонимдерде кенен чагылдырылган. Кара куш (алп кара куш) кыргыз эпосторунда, элдик фольклордун маалыматтарында да чагылдырылат. Алп кара куш "Манас" эпосунда, "Эр Төштүктө" баатырларга зарыл учурда келип жардам берген бүркүт. Бүркүт - түрк-монгол, иран тилдүү элдердин мифологиясында кенен чагылдырылып, сыйынуучу объект болгондугун археологиялык материалдар, фольклордун маалыматтары ж.б. тастыктайт. "Алп кара куш - оң каармандарга колдоо көрсөтүүчү сыйкырдуу, абдан зор куш, бүркүттүн мифтештирилген кейпи. Түрк элдеринин оозеки чыгармаларында кездешүүчү алп кара куш, ажыдаардын туруктуу колдоочулар болушун байыркы мезгилге байланыштуу кароо керек. А.П. Окладников түрк-монгол элдеринин көпчүлүк чыгармаларында бүркүттүн образы жөнүндө: "Бакты-таалайдын жана молчулуктун кепили катары, мал менен кесипчилик кылган коомдун эң жогорку колдоочусу катары ыйык асмандын ээси болуп саналат", - дейт (Окладников, 1972,

б. 205). Айрым археологиялык табылгалардагы сүрөттөргө караганда, бүркүттүн бул образы байыркы коло доорунан эле белгилүү болгон. Уламыштагы Огуз каган өз балдарына, анын тукумдарына таратып дайындаган онгондордун (сыйынуучу объектилер) дээрлигин канаттуу жырткыч куштар түзгөн. Уруунун мүчөлөрү жалпы жамаат сыйынган онгон -канаттуунун этин жешкен эмес. Эзелки бука (бугу) тотемин кийинчерээк канаттуу жырткыч куштар алмаштыра баштаган. Анткени бул тотем уруунун (уруктун) жырткыч куштай күч-кубаттуулугун аныктаган. Бүркүт буряттардын түшүнүгүндө жакшылыкты да, аны коштоп жүрчү кырсыкты да адамдарга жөнөтчү касиетке ээ болгон. Ушул эле бурят уламыштарында бүркүт кушу шамандардын түпкү бабалары катары баяндалат. Хакас-качиндерде да дал ушундай диний-мифологиялык түшүнүк болгон. Алтайлыктардын мифологиясында Ульген жер менен көктү гана эмес, күндү, айды, отту жараткан Кудай. Анын жети уулунун бири - Кара Куш деп аталган. Хакас тилинде “хара хус” - бүркүттү аныктайт. Махмуд Кашгари Юпитер жылдызын “кара куш” деп жазганы маалым. Мээнин эң маанилүү бөлүктөрүнүн бирин кыргыздар “каракуш мээ” деп аташат. Демек, кара куш байыркы адамдардын акыл-эс таануусундагы тотемистик гана түшүнүктү аныктабай, алардын космостук аң-сезимин, Көк Теңирге болгон ишенимин чагылдырып, ыйык асмандын ээси деген түшүнүктү тастыктайт. (Кыргыз этнографиясы боюнча сөздүк, 2005, бб. 141-142).

Мифтик сюжеттердин тематикасы ар кыл, алар жаратылыш кубулуштары, жаныбарлар жана өсүмдүктөр дүйнөсү, адамдар жана алардын жашоо-турмушундагы окуялар баштан-аяк камтып кетет. Кыргыз эпосундагы дүйнө түзүлүшү жөнүндөгү ой жүгүртүүсү ар бир чыгармада берилет. “Эр Төштүк” эпосунда уруулук коомдун көөнө сөз өнөрүнүн архаикалык катмары каралган. Эпостун текстинен байыркы кыргыздардын дүйнө тууралуу ой жүгүртүүсүн, сырткы дүйнөнү кабылдоо өзгөчөлүгүн байкоого болот. Мында магиялык элестөөлөрдөн мифтик, демонологиялык образдар келип чыкканын айта кетпесек бобойт. Бул тууралуу этнограф И.Молдобаев төмөндөгүлөрдү айтат: *“Кыргыз мифтерин шартту түрдө үч топко бөлсөк болот: биринчиси- дүйнөнүн пайда болушу жана анын ар түрдүү абалдары, өзгөрүштөрү жөнүндөгү мифтер; экинчиси- жаныбарлар дүйнөсүнүн келип чыгышы; үчүнчүсү- жаратылыш объектилери жана жаныбарлардын колдоочулары (ээлери) жөнүндөгү мифтер*” (Молдобаев, 1989, б. 47). Мындан жыйынтык чыгарсак, “Эр Төштүк” эпосунда бул үч түрлүү мифтин баардык түрү кездешет. Алсак, эпосто дүйнөнүн пайда болуусу бар, анда үч дүйнө баяндаларын айтканбыз, кийин жаныбарлардын дүйнөсү абдан кеңири баяндалат. Жаныбарлардын колдоочулары дагы Эр Төштүктү колдоп келет. Анын жолунда көп кыйынчылыктарды жеңишине жардамдарын да аяшпайт.

Адам жанынын бар предметте болушу байыркы тотемдик түзүлүштүн бир түрү. Төштүктүн жаны “өгөөдө”, ал эми ошол эле эпостогу Чоюнкулак алптын жаны кучкачта болуп, алар кара аркардан ичиндеги сандыкта сексен жылдан бери жүргөн болот, марал да кыйналып, башка аюу, жолборс, кумурска сыяктуу Төштүктүн келишин, аны бул милдеттен куткаруусун күтүп жүрөт, бул Төштүктүн жердеги дагы бир миссияларынын катарына кирет. Эпостогу жаныбарлар жана өсүмдүктөр дүйнөсүн карасак, өзүнчө бир чалкыган деңиздей. Бул боюнча изилдөөчү С.Кайыпов: *“По разнообразию привлекаемых образов превое место занимает мир животных-фауна. В качестве образа сравнений выступает 57 названий из животных мира, Общее количество сравнений с учетом частотности появнения в тексте состовляет около 140 единиц. В свою очередь эта группа сравнений делится на ряд подгрупп. Чаще всего Встречаются образы домашних животных. Это связано с тем, что киргизский*

*народ, который в прошлом имел скотовидческий уклад жизни, вопринимал их не только с хозейственно- бытовой, но и эстотической точки зрения* “ (Кайыпов, 1990).

Эпосто буура, жылкы, кой жана башкалар эле айтылбастан демонологиялык, магиялык жаныбарлар да сүрөттөлөт. Мисалы, алп кара куш – канатуулардын ичинен мифтик персонаж. Жер түбүнүн каны Көкдөөнүн жылкыларынын ичинен Чаар бээ асыл тукум жылкыларды берүүчү өзгөчө болот. Ал жыл сайын бирден кулун тууйт. Аны Алпкаракуш кырк жылдан бер алып кетет. Төштүк жер алдына түшкөндө Көкдөөнүн кызынын колун сураганда, калыңына жети мөрөй койгондо, анын бири ошол кырк жылкыны таап келүү болгон. Аны баатыр досторунун жардамы менен аткарат. Алпкаракуштун жыл сайын кулундарды алып кетишинин себеби да бар эле, ал анын балапандарын жеп жүргөн ажыдаардан куткарыш керек болчу. Алп кара куштун кулундарды алып кетүүсү да Төштүккө бир миссия болот. Көрсө алп кара куштун балдарын жеп жүргөн ажыдаарды жок кылуу керек болгон экен. Алп кара кушту мифолгоиялык каарман катары кароодо аны алтай эпосундагы Кашкереде, монгол эпосундагы Гаруд, “Шахнамедеги” зымырык кушу менен салыштырууга болорун белгилеп кетсек болот.

Демонологиялык-мифтик жаныбарлардын дагы бири - ажыдаар. Алп кара куштун балдарын ал жем издеп кеткенде кырк жылы катары менен соруп турган: Мунар башын караса,

“Көңүл кетип бөлүнөт,
Мүйүзү бар башында,
Токсон кулач узуну,
Бир ажыдаар көрүнөт.
Жыты сасык, өңү чаар,
Өлчөсө болбойт мындай жан.
Алп кара куш баласын
Билип калган кез экен,
Эми барып сорууга
Жүрүп калган кези экен” (Эр Төштүк, 1996, б. 206).

Төштүк ажыдаарды кылычтап өлтүргөн соң, зор мунар теректеги Алп кара куштун уясында аман калган балапандар баатырга ыраазычылык билдиришет:

“Өлгөн жанды тирилттин, Төштүк,
Өчкөн жанды тамыздың, Төштүк” (Эр Төштүк, 1996, б. 212).

Бул окуялар мончоктой тизмектелип, биринин-артынан бири уланып кеткени менен жомоктордогу кадимки сюжеттерге да окшоп кетет. Анткени салттуу эпикалык формула түрк, бурят, монгол элдеринин эпосторунда ушул сыяктуу туруктуу түрүндө кездешери ашыкча болбос.

Ажыдаардын образы “Эр Төштүк” эпосунан айырмаланып, “Манас” эпосунда оң маанидеги каарман. Ал Манас баатырдын колдоочуларынын бири болуп эсептелинет. Алгач баатыр төрөлө элегнинде Чыйырдынын түшүнө кирип, баатыр жөнүндө кабар берет, андан кийинки окуяларда казатта баатырдын сүрүнө сүр кошуп, айбатаанып көрүнөт. Ал душмандарынын үшүн алып турган ажыдаардай колдоочусу менен. Алоокенин укмуштуу багындагы ажыдаарлар чындыкка жакын болуп, Манасты жеп койбостон, кайра ага баш ийип беришет. Манасчылар мында персонаждарды ар кандай кырдаалда, ар түрдүү ракурста, мазмуну түрдүүчө, ар кандай кырдаалга байланыштуу өзгөртүп колдоно беришет. Мында бир

нерсенин, бир предметтин айланасында көп кырдуу ойлонуу, өзгөчө эпикалык ойлонуудан кабар берет. Мисалга алсак, эпосто кырк кулактуу казан бар. Көкдөө Төштүктү "Барса келбес" жерге жөнөтөт. Ал жактан жер үстүнөн токсон алп, жер астынан токсон алп чогулуп алып, "колумдан кырк кулактуу казанымды алып кетип, ит ичпестен Ала-Көлгө салып жиберген. Ошону алып кел, анан жетинчи мөөрөйүң аткарылат", - дейт:

"- Кайнагын деп казанга,
Кабар берип турганда,
Дүйүм тамак бар болуп,
Дүнүйөсү жайнаган,
Кайнаса ашы коюлган,
Аалам журттун баарысы,
Бир казандан тоюнган.
Кереметтүү кең казан,
Эмине айтса бул болгон,
Телегейи тең казан..." (Эр Төштүк, 1996, б. 250).

Бул казанда элге береке, тоюн-токчулукту алып келүүчү кереметтүү буюм болуп сүрөттөлсө, кийинки окуяларда терс башкача айтканда, демондук образда кездешет:

"Кечээ жер үстүнөн токсон алп,
Жер алдынан токсон алп,
Бирөө калбай жайылып,
Ал казанды алалбай,
Токсон алптын баарысы,
Бирөө калбай кырылган...
Бир кулагы казандын-
Ааламдын барын өткөргөн,
Кудайдын жети кары бар..." (Эр Төштүк, 1996, б. 255).

Окуянын жүрүшүндө кырк кулактуу казан Төштүктүн жаны өгөөнү берген соң, бекитип басып жатат. Көкдөөнүн Төштүккө айткан жетинчи мөөрөйүн орундатууга тулпары Чалкуйрук жардам берет. Ал өзү "ак тасма менен оротуп, кулагын бекем буудуруп, куйругун шүйдүрүп", кайнап жаткан ит ичпестин Ала-Көлгө түшөт. Ат менен баатырдын жаны бир, аман-эсен кайтып кел, эгер сен өлсөң, мен да жок болом" дейт, Чалкуйрук "көлдүн үстүнө ак көбүк чакса мен жеңгенмин, кызыл көбүк чыкса мен жеңилген болом" деп айтат, Ошондо Жер тыңшар Маамыт жерди тыңшап, атынын жеңилгенин айтат, Төштүк булдурсунун алып төрт Маамыт менен кошо көлдү сабай баштайт. Ошондо жер жарылып, көлдүн баары чачылат. Кыямат кайың башталат. Мында адам өзүн жаратылыштан бөлүп карабастыгын, жер суу, жаныбарлар жана өсүмдүктөр менен бир деңгээлде караганын, Төштүктүн жолборс, аюу, кумурска, алпкаракуш, ат менен сүйлөшүүсү, пикир алышып, кеңеш сурашы бул байыркы замандагы адамдардын ой жүгүртүүсү. Мындан кийин Чалкуйрук Төштүктүн ишеничин актап, көлдүн түбүнөн казанды алып чыгат. Ага төрт Мамыт жардам берет. Анан Көкдөөнүн шаарынын жарымын бастырып коюшат. Бул жерде казан шаардын жарымын басып калгандай чоң экенин байкасак болот.

Кыргыз эпосу "Эр Төштүктө" жороруда белгиленгендей суз, кара түстөр менен жер түбүндөгү дүйнөнүн картинасы берилип, кийин кийин жер үстүнө Алпкаракуш менен

көтөрүлүп, чыккандыгы кубаныч чексиз болгондугу айтылат. Куш минип учуучу баатыр дүйнөлүк эпосто да кездешет. Маселен эстон элинин "Калевипоэг" эпосунда башкы каарман Калев деңиз бүркүтүнө минип алып деңиздер, жерлерден өтүп Вирунун жээгине түшөт, ал жерде жайгашып Линдага үйлөнөт, үч уулдуу болуп кенжеси Калевипозг өзгөчө баатыр болуп тез өсөт, эки айында бешиктен чыгат, үч айында басат. Анан алгачкы эрдиктери башталат.

Бул эпосто мифтик алп персонаждардын жутуп кайра мурдагыдан да күчтүү баатыр кылып кайра кусуп коюшу, башкача айтканда эпикалык кайра толуктап жаратуусу, Төштүктүн алпкаракуштун балдарын ажыдаардан сактап калгандыгы үчүн ыраазычылык иретинде жутуп кайра кусушу көөнө мотив катары эпостон туруктуу орун алган. Муну фольклорист Е.М.Мелетинский: "Весьма архаической чертой, специфически связанной с обрядами инициации, является реликт проглатывания-выплевывания чудовищем героя, после чего герой вновь рожденной, уже в качестве взрослого охотника, получает имя", - деп белгилейт (Мелетинский, 1983, б. 35). Окумуштуунун бул оюн эпостогу төмөнкү саптар далилдейт:

"Көрө салып ошондо,  
Алпкаракуш токтобой,  
Сырттан Төштүк баатырды  
"Балп" дедире сугунуп,  
"Курк" дедире жутту эле...  
"Өө" – деп кусуп койду эле,  
Эми ошондо сырттаның  
Он эки мүчө толуптур,  
Баштагыдан ошондо  
Эки эсе Төштүк болуптур" (Эр Төштүк, 1996, б. 213).

Эзелки мифтердин тамыры ондогон миң жылдардан ары кетип, фольклордук салттын көпчүлүгүндө мифтер сакталбай да калган. Алар бириндеп, кайра башкача биригүүлөргө дуушар болуп, айрым жерлер унутулуп, кээ бир жерлерине кошулуп, жаңыртылганын байкоого болот. Уруулардын аралашуусу менен жаңы мазмундагы мифтер куралып, ой жүгүртүүнүн туруктуу стереотиптерине айланып, элдик поэзияга айланганы айдан ачык. Андагы окуялар эпостогу жана жөө жомоктордогу каармандарга өткөн. Муну биз "Эр Төштүк" эпосунан байкасак болот. Андагы жер астындагы жана жер үстүндөгү дүйнөнүн чагылдырылышы мифологиялык персонаждардын идеасын ачууда аткарган ролу мисал боло алат:

"Жер алдында Көкдөө бар,  
Ал Көкдөөнүн колунда,  
Өзүндө жети башы бар,  
Эң сыйкырчы карасаат,  
Кара тажаал кемпир бар" (Эр Төштүк, 1996, б. 90).

Бул жерде Көкдөөнүн сыйкырчысы жезкемпирдин образы кенен ачылган. Ал мифологиялык-демонологиялык персонаж катары келди. Ал ар кандай нерселерге жана адамдарга кубулуу касиетин да бул үзүндүдөн байкасак болот.

Мындан алгачкы мифтердин мазмундук негизин түзгон нерсе – жамааттык бейаң, адамзаттык аракеттин категориясын түзөрүн келип чыгат.

Жыйынтыктап айтканда, “Эр Төштүк” эпосу мазмандук, образдык системасы, идеалык-тематикалык, көркөмдүк-эстетикалык жагынан коомдук аң-сезимдин, синкреттешүүсүнө учурап, бирок өзүнүн бөтөнчөлүгүн сактоо менен биздин күндөргө жеткен. Мындаб “Хтонологиялык мифологиянын жана кийинки геоикалык мифологиянын айрым көрүнүштөрү, негизги атрибуттары кыргыздарда бир кыйла өлгөндө сакталгандыгын “Эр Төштүк” эпосу далилдейт. Анткени, кыргыздардын баатырдык кенже эпосторунун ичинде өзүнүн пайда болуп өнүгүш, калыптанышы боюнча байыркы мезгилдерди кучагына алып, убакыт менен тең жашап келген бул фольклордук чыгарма идеалык-тематикалык, сюжеттик жана образдык системасы жагынан башкалардан өзгөчөлөнүп турат”, – деген пикирге кошулуу максатка ылайык (Байжигитов, 1985, б. 37).

Төштүк Желмогуз кемпир кашына Чалкуйрук менен барып, өгөөнү ала качканы барганда Жети баштуу кемпирдин сүрөттөлүшү:

“Куудай аппак чачы бар,
Бир башында кемпирдин
Санаса жети башы бар.
Соку минип ал кемпир,
Сок билектен камчы алган.
Сыягы башка, заары күч,
Ал капырдан күдөр үз.
Чекеси кетип тырышкан,
Көрүнгөн менен урушкан.
Көк кементай жонунда,
Ийреги бар колунда.
“Ор ийрегим, оргун” – деп,
Оруп ием тырманган,
Оройлугу бир башка” (Эр Төштүк, 1996, б. 144).

Алгач эле эмгекти баштардан мурда “Манас” эпосунун баштап, андан соң “Эр Төштүк” эң байыркы кенже эпосуна кайрылдык. Бул эпосторду океан сыяктуу элестетип, бирок ошол океанды изилдөөгө кириштик. Биз канчалык көп материал топтосок дагы, океандын жээгинде эле калгандай сездик. Бул теманы тереңдетип, дагы кароо келечек муундун ишидир. Ушул эпостордон биз демонологиялык пресонаждарды таап, аларды текстологиялык жактан талдап, илимий негизде берүүгө аракеттендик. Алсак, бул эпостордон дөөлөрдү, алп кара кушту, сыйкырдуу жандыктарды, перилерди, жин-шайтандарды, желмогуз кемпирлерди, алптарды жана башка демондук персонаждарды талдап чыгып, салыштыруу менен анализ жасадык.

Ар бир эле элде жалпылык бар, өзгөчө оң каарман менен терс каармандын мифтик терс каармандар менен күрөшүүсү, эгерде терс каармандар оң каармандар сыяктуу эле адам келбетинде болуп туруп дагы, оң каармандардын аракетинин натыйжасында жеңилип, өлтүрүлсө дагы демондор адамдарга зыян алып келип, оору-сыркоону, жамандыкты алыкп келген башка бир формага айлануу күчүнө ээ экенин байкайбыз.

Элдик оозеки чыгармачылыкта диний культтарга, образдарга, сюжеттерге жана мотивдерге кайрылуу дүйнө таануунун ыймандык-эстетикалык кеңири контексте жакшылык, демондук образдардын жамандыгы, өмүр жана өлүм сыяктуу түбөлүктүү темаларды кароого мүмкүндүк берет.

Фольклордук-мифологиялык жана этнографиялык материалдар бизге адамзат тарабынан өткөн доорлордо иштелип чыккан руханий маданиятынын топтомун жеткирди. Көрүнүп тургандай фольклор, анын ичинде эпостогу эл, этнос тууралуу көп жактуу маалыматты сактаган форма болуп саналат.

**Адабияттар**


Байжигитов, К. (1985). *Кыргыз мифтери, уламыштары жана легендалары.* Фрунзе: Илим.

Кайыпов, С.Т. (1990). *Проблемы поэтики эпоса “Эр Тёштюк”: Часть 1. Гипербола. Сравнение.* Фрунзе: Илим.

Кыдырбаева, Р.З. (1980). *Генезис эпоса “Манас”.* Фрунзе: Илим.

*Кыргыз этногрфиясы боюнча сөздүк.* (2005). Түз. О.К. Каратаев, С.Н.Эралиев. Бишкек: Бийиктик.

Мелетинский, Е. М. (1983). “Возникновение и ранние формы словесного искусства”. *История всемирной литературы. Т.1.* Москва: Наука. с. 23—52.

Молдобаев, И.Б. (1989). *Эпос “Манас” как источник изучения духовной культуры киргизского народа.* Фрунзе: Илим.

Окладников, А.П. (1972). *Центральноазиатский очаг первобытного искусства: пещерные росписи Хойт-Цэнкер-агуй (Сэнгри-агуй), Западная Монголия.* Новосибирск: Наука.

*Эр Төштүк.* (1996). “Эл адабияты сериясы”. II том. Бишкек: Шам.

Эрматова, А.Ж. (2021). “Эр Төштүк” жана “Көкүл” баатырдагы Чынар теректин жана алманын “ыйык дарак” образы катары берилиши. *Вестник Ошского государственного университета*. Vol. 2, No. 4, сс. 1233-1240. DOI: 10.52754/16947452_2021_2_4_1233. EDN: WKJHTB.